Д 13.20.662 И. Арабаев атындагы КМУнун жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы диссертациялык кеңештин эксперти педагогика илимдеринин доктору, профессор Алимбеков Акматалинин 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы" адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Омуров Нурлан Кубатовичтин **«Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында (Инженердик билим берүү программасынын мисалында)"** - деген темадагы диссертациясы боюнча

## КОРУТУНДУСУ

Эксперт изденүүчү Омуров Нурлан Кубатовичтин педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн аткарылган «Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында (Инженердик билим берүү программасынын мисалында)" деген темадагы диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.** Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет.. Диссертациянын проблемасы, мазмуну, алынган натыйжалары 13.00 01-жалпы педагогика, билим берүүнүн жана педагогиканын тарыхы адистиктеринин паспортуна жооп берет.

   **Изилдөөнүн максаты:** окутуунун натыйжасы аркылуу жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын жакшыртуунун илимий негиздерин иштеп чыгуу, эксперименталдык түрдө текшерүү жана жогорку окуу жайларынын практикасына ишке киргизүү.

2. **Изилдөөнүн алдына төрт милдет коюлган:**

   1. Жогорку окуу жайда билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын өркүндөтүүнүн теориялык жана практикалык абалын изилдөө.

   2. Жогорку окуу жайларында билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын жакшыртууга багытталган уюштуруучулук-педагогикалык шарттарды аныктоо жана теориялык жактан негиздөө.

   3. Жогорку окуу жайда окутуунун натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын жакшыртуунун моделин түзүү жана аны ишке ашыруунун жолдорун изилдөө.

   4. Иштелип чыккан моделдин эффективдүүлүгүн эксперимент аркылуу текшерүү жана методикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**

Социалдык-экономикалык мамилелердин динамикалуу өнүгүшүнүн шартында атаандаштыкка жөндөмдүү кесипкөй кадрларды даярдоодо жогорку билим берүү маанилүү роль ойнойт. Улуттук билим берүү системаларынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү эл аралык рейтингдер жана мониторинг аркылуу катталат. Дүйнөдө жана улуттук билим берүү чөйрөсүндө жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын баалоонун негизги инструменттеринин бири студенттердин үйрөнүү натыйжаларын салыштыруу методдору болуп эсептелет. Билим берүүнү стандартташтыруу билим берүүнүн сапатын жана билим берүүнүн натыйжаларын баалоого кош кабат таасирин тийгизет. Биринчиден, билим берүү системасын башкаруу үчүн баалоо процедураларынын мааниси жогорулап, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча натыйжалуу башкаруу чечимдерин кабыл алуу максатында ишке ашырылуучу баалоо жана аналитикалык ишмердүүлүктүн бардык багыттарынын жыйындысы катары баалоо процедуралары иштелип чыгууда. Баалоо процедураларында стандартташтырууну колдонуу билим берүү программасын өздөштүрүүнүн натыйжаларына карата талаптарды жалпы түшүнүүнү жана баалоо критерийлерин унификациялоону камсыздайт, окуу процессин башкаруу үчүн объективдүү жана ишенимдүү маалыматтарды алууга кепилдик берет. Ошентип, окуунун натыйжаларын баалоону стандартташтыруу университеттин ичинде интегралдык уюштуруучулук-педагогикалык системаны куруунун негизи болуп саналат жана пландаштырылган окуу натыйжаларынын негизинде окуу процессине узак мөөнөттүү талдоо жүргүзүү аркылуу сапаттын талап кылынган деңгээлин камсыз кылууга мүмкүндүк берет. Демек, окутуунун натыйжалары тууралуу илимий билимдерге карата муктаждык айрым бир дисциплина боюнча окутуу ишин алып барган окутуучуларда жана ошондой эле университеттик масштабда, өлкө масштабында да зарылдык бар. Буга байланыштуу диссертанттын жогорку окуу жайларында окутуунун натыйжалары аркылуу бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатынын талап кылынган деңгээлин камсыз кылуу зарылдыгы менен бул багытта илимий негизделген иштелмелердин аздыгы тууралуу аргументтерине толук кошулууга болот. Бул жагдайлар Омуров Нурлан Кубатовичтин “Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында (инженердик билим берүү программасынын мисалында)” деген аталыштагы диссертациясынын темасынын актуалдуулугун тастыктап турат.

**Изилдөөнүн объектиси** – жогорку окуу жайларынын билим берүүнүн сапатын башкаруу системасы.

**Изилдөөнүн предмети** – окутуунун натыйжасы аркылуу жогорку окуу жайда билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын өркүндөтүү процесси.

3. **Илимий жыйынтыктар.**

Иште педагогика илиминин өнүгүшү үчүн маанилүү төмөндөгүдөй жаңы илимий негизделген теориялык жыйынтыктар алынган:

1- **жыйынтык.** Диссертациянын биринчи бөлүмү «Жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын камсыз кылуунун теориялык практикалык маселелери» деп аталып анда (11-55 б.б.) жогорку кесиптик билим берүүдө сапатты камсыз кылуу жана башкаруу боюнча теориялык маселелери, түйүндүү түшүнүктөрү такталып аткарылган изилдөөлөр менен Кыргызстанда жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башткаруунун учурдагы абалына илим айдыңынан баа берилген.

2- **жыйынтык.** "Изилдөөнүн методологиясы жана методдору" деп аталган экинчи бөлүмдө (55-98 б.б.) изилдөөнүн экинчи милдети тактап айтканда жогорку окуу жайларында окутуунун натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын жакшыртууга багытталган педагогикалык шарттар негизделген жана окутуунун натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын башкаруунун модели жана аны ишке ашыруу жолдору айкындалган. Диссертацияда «педагогикалык шарт» түшүнүгү түрдүү көз караштардын спектринде талдоого алынып негизделген.

3- **жыйынтык.** «Педагогикалык экспериментти уюштуруу жана аны жыйынтыктоо» деп аталган үчүнчү бөлүмдө окутуунун натыйжасын жакшыртуу аркылуу жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын арттыруу эффективдүүлүгүн аныктоого багытталган педагогикалык экспериментти пландоонун, уюштуруунун жана жыйынтыктарын чыгаруунун маселелери каралган.

3.1. **Изилдөөдөн келип чыккан корутундулардын ишенимдүүлүгү** жана жыйынтыктардын негиздүүлүгү: алдыга коюлган максат,милдеттерге шайкеш методдорду колдонуу, тажрыйба-эксперимент иштери, эксперименттин жүрүшүндө алынган маалыматтарды ар тараптан анализдөө аркылуу камсыздалган. Диссертациядагы эмпирикалык жана эксперименталдык изилдөөлөрдүн илимий натыйжалары, коргоого сунушталган жоболор изденүүчү тарабынан жеке иштелип чыккан.

3.2. **Иштин жетиштүү деңгээлдеги теориялык мааниси** бар, анткени илимий адабияттарды талдоонун жана жалпылоонун негизинде «билим берүүнүн сапаты», «билим берүүнүн сапатын башкаруу», «окутуунун натыйжасы» түшүнүктөрүнүн мазмуну такталган; окутуунун натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын камсыз кылуунун педагогикалык шарттары аныкталган; окутуунун натыйжасынын негизинде билим берүүнүн сапатын арттыруунун модели иштелип чыккан.

3.3. **Диссертациянын негизги жоболору, жыйынтыктары** 12 илимий макалада жарыяланган. Автордун илимий-методикалык эмгектери изилдөөнүн негизинде жазылган жана практикалык баалуулукка ээ.

3.4. **Квалификациялык белгилерге туура келиши.** Диссертацияда окутуунун натыйжасы аркылуу жогорку билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын жакшыртуунун илимий негиздерин айкындалып такталган, жетиштүү илимий жаңылыкка жана баалуулукка ээ. Изилдөөнүн темасы Нарын мамлекеттик университетинин өнүгүү стратегиясынын алкагындагы илимий-изилдөөлөр менен байланышкан.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

- окуу дисциплиналары боюнча окутуунун натыйжасын иштеп чыгуунун, анын далилдүүлүгүн аныктоого карата баалоочу инструментарийлерди түзүүнүн методикалык сунуштары иштелип чыккан;

- окутуунун натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын камсыз кылуунун педагогикалык шарттарын түзүү, моделди ишке ашыруунун жолдорун колдонуу жогорку окуу жайларынын окутуучуларынын ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүүгө жардам берет;

- автор тарабынан иштелип чыккан методикалык сунуштар ар кандай типтеги окуу жайлардын практикалык иштеринде колдонулушу мүмкүн.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы коюлган изилдөөнүн максатына, милдеттерине толугу менен дал келет. Авторефераттын кыргыз, орус, англис тилдериндеги резюмелери бири бирине идентүү.

## 6. Мүчүлүштүктөр:

1. Диссертант изилдөөнүн борбордук түшүнүгү болгон *«окутуунун натыйжалары»* терминин ар түрдүү ракурста талдоого аракет кылган. Ошону менен бирдикте бул түшүнүк окуучунун же студенттин үйрөнүү ишмердүүлүгүнүн натыйжасы, студенттен күтүлгөн натыйжа экендигин көңүлгө тутуубуз абзел. Ошондуктан *"окутуунун натыйжасы"*, *"окутуудан күтүлгөн натыйжалар"* деген терминдери канчалык деңгээлде көзгө көнүк, кулакка угумдуу болуп калган менен сырткы таасирлердин, мугалимдин окутуу ишмердүүлүгүнүн натыйжасы катары туюлат. Ошондуктан түркия түркчөсүндө **"Öğrenme çıktıları" (үйрөнмө натыйжалары),** казакчада **"оқу нәтижелері",** (окуу натыйжалары) –деген терминдер кубулуштун маңызын туура туюнтуп турат. Мындай тажрыйба биз тарабынан даярдалган **"Таалим-тарбия терминдеринин чечмелеме сөздүгүндө"** (2002) колго алынып **"үйрөнмө натыйжалары"** –деген термин сунуш кылынган эле. Арийне, бул таңуулоо таризинде эмес, талкуу иретинде айтылган ойлонуп көрүүгө багытталган сунуш.

2. Каралып жаткан изилдөөнүн жалпы платформасы инженердик билим берүү программасы болуп саналат. Буга байланыштуу автор тарабынан айкындалган окутуунун натыйжасы аркылуу жогорку билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын жакшыртуунун илимий негиздери, педагогикалык шарттары, моделинин өзөгүндө инженердик билим берүүнүн эл аралык жана улуттук критерийлери турушу керек эле. Инженердик билим берүү түшүнүгү изилдөөнүн илимий апаратын, коргоого коюлган жоболорду корутундуларды тариздөөдө да эске алынышы зарыл эле.

3. Изилдөө методдоруна байланыштуу параграфтын материалдарын конкреттештирүү зарылдыгы бар. Мында изилдөөнүн обьекти, предмети, гипотезасы, маалымат топтоо каражаттары жана аларды адаптациялоо, маалыматтарды анализдөө методдору кеңири чагылдырылышы зарыл. Арийне мындай материалдар бар, бирок аларды дагы изилдөө логикасына ылайык ырааттуу ачыктоо зарыл. Тилекке, каршы айрым изилдөө методдордун анализи 3 –главага өтүп кеткен.

3. Диссертация жана автореферattын текстинде төмөнкүдөй кемчиликтерге жол берилген:

- колдонулган авторлордун эмгектери кайсы жылга таандык экендиги кашаа ичинде көрсөтүлгөн эмес;
- корутундулардын дээрлик бардык пункттарын отчеттук стилдерден арылтып кыска жана корутунду билим катары тариздөө зарылдыгы бар;
- диссертациянын текстин айрым стилдик, орфографиялык каталардан арылтуу зарыл.

Бирок, аталган кемчиликтерди диссертациянын мазмундук чектерин тереңдетүү багытындагы сунуштар катары кабылдоого болот жана алар изилдөөнүн теориялык жана практикалык натыйжаларына олуттуу таасир эте албайт. Омуров Нурлан Кубатовичтин кандидаттык диссертациясын өз алдынча аткарылган изилдөө катары кароого болот. Изилдөөнүн мазмуну жана андагы алынган жыйынтык жободогу көрсөтүлгөн критерийлерге толугу менен жооп берет.

**7. Сунуштар:** Айрым кемчиликтер мындан аркы экспертиза процессинде коргоого чейин түзөлтүлүшү зарыл.

**8. Кабыл алуу боюнча рекомендация.** Диссертацияны алдын ала коргоого сунуштаса болот.

**9. Бүтүм.**

Омуров Нурлан Кубатовичтин “Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында (инженердик билим берүү программасынын мисалында)” деген аталыштагы 13.00.01 - Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим

берүүнүн тарыхы" адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын өз алдынча аткарылган илимий-квалификациялык иш катары эсептөөгө болот.

**10.** Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылган документтерди карап чыгып И. Арабаев атындагы КМУга жана Кыргыз билим берүү академиясына караштуу Д 13.23.662 диссертациялык кеңешине 13.00.01 - "Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы" адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Омуров Нурлан Кубатович тарабынан аткарылган педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган - "Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында (инженердик билим берүү программасынын мисалында)" деген темадагы диссертациясын алдын ала коргоого кабыл алууга болот, – деп эсептейт.

**Эксперт:**

**Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин**
**педагогика кафедрасынын профессору**
**педагогика илиминин доктору** **Алимбеков А.**

26.01.2024-ж

Эксперт А. Алимбековдун кол тамгасын тастыктайм. Диссертациялык кеңештин окум. катчысы Абыкапарова А.Ю.